**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

# БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XVIII СЕССИЯСЫНЫН КҮН ТАРТИБИ

**Өткөрүү убагы : « 29» октябрь айы 2025 ж. саат 10.00**
**Өткөрүлүүчү жер : Мэриянын кичи залы**

1. **№84** 2025- жылдын 9-айынын жыйынтыгы менен Балыкчы шаарынын жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнө өзгөртүү, толуктоолорду киргизүү жөнүндө

2. **№85** Балыкчы шаардык Кеңешинин алдындагы экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясынын чечими жөнүндө

3. **№86** “Автобекет” муниципалдык ишканасынын шаар ичиндеги каттамдардын жол кире акысынын тарифи жөнүндө

4. **№87** Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы “Муниципалдык мүлк башкаруу” муниципалдык ишканасы жөнүндө ЖОБОсун бекитип берүү жөнүндө

5. **№88** Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы “Муниципалдык аймактык башкармалык” муниципалдык ишканасынын 2025-жылдын октябрь-декабрь айларына Балыкчы шаарынын аймагындагы жайыттарды башкаруу жана аларды пайдалануу боюнча планын бекитип берүү жөнүндө

6. **№89** Балыкчы шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине 1,0 га жер аянтын өткөрүп алууга макулдук берүү жөнүндө

7. **№90** Балыкчы шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине 400,0 га жер аянтын өткөрүп алууга макулдук берүү жөнүндө

8. **№91** Микроавтобустук унааны муниципалдык менчикке кабыл алууга макулдук берүү жөнүндө

9. **№92** “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына жалпы аянты 9,87 га жер тилкесин которууга макулдук берүү жөнүндө

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА** |
| **БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | **БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |

**ТОКТОМ**
**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**XVIII–СЕССИЯСЫ**

**2025-жылдын 29- октябрь айы №84**

**2023- жылдын 9-айынын жыйынтыгы менен Балыкчы шаарынын жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнө өзгөртүү, толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Бюджеттик кодексинин" 6-беренесинин 6, 9 пункттарына жана 115- беренесинин 4 пунктуна ылайык, Балыкчы шаарынын 2025-жылга бекитилген бюджетине өзгөртүү киргизүү менен жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн теңдештүүлүгүн камсыздоо максатында, экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери туруктуу комиссиясынын протоколдук сунушуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин Балыкчы финансы башкармалыгынын начальнигинин билдирүүсүн угуп, талкуулап, Балыкчы шаардык Кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 1/3,4, 130-беренесинин 1-пункттарына ылайык, 2025-жылдын 9 айынын жыйынтыгы менен жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгашалар бөлүгүнүн көлөмү эсепке ылайык жалпы 49711,9миң сомго көбөйтүлсүн (тиркеме 1 баракта)

2. Балыкчы шаардык Кенешинин 7-март 2025-жылдагы VII сессиясы менен кабыл алынган "Балыкчы шаарынын 2025-жылга жергиликтүү бюджети жана 2024-жылдагы шаардык бюджеттин аткарылышы жөнүндө" №17 токтомуна тийиштүү өзгөртүүлөр, толуктоолор киргизилсин.

**3.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык Кеңештин алдындагы экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери туруктуу туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: шаардык кенешине- 1, мэрияга-1, шаардык финансы башкармалыгына-1,

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

**ТОКТОМ**
**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**XVIII–СЕССИЯСЫ**

**2025-жылдын 29- октябрь айы №85**

**Балыкчы шаардык Кеңешинин алдындагы экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясынын чечими жөнүндө**

Балыкчы шаардык Кеңешинин алдындагы экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына келип түшкөн кайрылуулардын негизинде комиссиясынын сунушун карап, талкуулап, шаардык Кеңештин сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

**1.** Балыкчы шаардык Кеңешинин алдындагы экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери туруктуу комиссиясынын протоколдук чечимине жана кошумча сунуштар менен №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Каралган маселелерди мыйзам чегинде чечүү жагы Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Балыкчы финансы башкармалыгынын начальниги - К.Кожомбердиевге жүктөлсүн.

3. Бөлүнгөн акча каражатынын суммасын белгиленген максатта, мыйзам чегинде пайдалануу, координациялоо жана маалымат берүү жагы КР финансы Министрлигинин Балыкчы финансы башкармалыгынын начальниги - К.Кожомбердиевге тапшырылсын.

**4.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык Кеңештин алдындагы экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери туруктуу туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: шаардык кенешине- 1, мэрияга-1, шаардык финансы башкармалыгына-1,

**Балыкчы шаардык кеңешинин XXIX чакырылышынын XVIII сессиясынын № 85 токтомунун 1-тиркемеси**

**Балыкчы шаарынын жергиликтүү бюджетинин 2025-жылдын 9 айынын жыйынтыгы менен бөлүнүп берилсин:**

1. Жаны түзүлгөн ишканаларга финансылык колдоо көрсөтүү максатында муниципалдык ишканаларга субсидия катары каражат меселесин чечип берүү:

   1. Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы “Автобекет” муниципалдык ишканасына 5330, 0миң сом акча каражаты;

   2. Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы “Муниципалдык аймактык башкармалык” муниципалдык ишканасына 1970,0 миң сом акча каражаты;

**Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы “Муниципалдык мүлк башкаруу” муниципалдык ишканасына:**

2. Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы “Автобекет” муниципалдык ишканасына трансформатор 630 Кв жана генератор алууга 2 146,0 миң сом акча каражаты;
3. Жол кырсыктарын алдын алуу максатында Балыкчы шаарынын Ж. Аманбаев көчөсүнө 7 даана светофор орнотууга 7 679,7 миң сом акча каражаты;
4. Кумтөр районун жарык менен камсыз кылуу үчүн Сип кабель алууга 3000,0миң сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

**Жооптуу катчы** **Шаршеналы кызы А.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

# ТОКТОМ
## БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XVIII–СЕССИЯСЫ

**2025-жылдын 29- октябрь айы №86**

**“Автобекет” муниципалдык ишканасынын шаар ичиндеги каттамдардын жол кире акысынын тарифи жөнүндө**

Балыкчы шаарынын мэриясынын 2025-жылдын 17-октябрындагы № 01-13/8222 кайрылуусунун шаардык Кеңешинин алдындагы экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына сунушун карап, талкуулап, Балыкчы шаардык Кеңешинин сессиясы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1. Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы “Автобекет” муниципалдык ишканасы тарабынан көрсөтүлүп жаткан шаар ичиндеги каттамдардын жол кире акысы № 1 тиркемеге ылайык 2025-жылдын 1-ноябрынан баштап бекитилсин.

2. Маршруттук каттамдагы автоунаалардын техникалык жана санитардык абалын жакшыртуу, жүргүнчүлөрдү тейлөө маданиятын көзөмөлдөө “Автобекет” муниципалдык ишканасынын администрациясына милдеттендирилсин

3. Балыкчы шаардык кеңешинин мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук актыны, ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн областтык юстиция башкармалыгына жиберилсин, массалык-маалымат каражаттарына жарыялансын.

4. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы курулуш, архитектура, муниципалдык менчик коммуналдык чарба жана өнөр жай транспорт, ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэри Б.Жантаевге тапшырылсын.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, БшММБ МИ-1, Автобекет МИ-1, ММК.-1, мам.каттоо-2

БЕКИТИЛДИ

Балыкчы шаардык кеңешинин
XXIX чакырылышынын XVIII
сессиясынын № 86 токтомунун
1-тиркемеси
“29” - октябрь 2025-жыл

_______________ Аманалиев Д.Ж.

Автобекет МИ шаар ичиндеги каттамдардын жол кире акысынын бекитилген

# тарифи:

| № п/п | Жүргүнчүлөрдүн категориясы | **Бекитилген тариф** |
|---|---|---|
| **1.** | **Балыкчы шаарынын №101, №103 жана №104 маршруттук каттамдары** | |
| | - жөнөкөй чоң жүргүнчүлөргө<br><br>- балдарга (окуучуларга) | **– 20 (элүү) сом**<br><br>**12 (он эки) сом** |
| | Балыкчы шаарынын бардык аймагындагы окуучуларга келишимдин негизинде жол жүрүү билети | айына<br>**500(беш жүз сом) каникул күндөрү эске алынбайт** |
| **2.** | **Таш-Сарай жана Дача конуштарынын тургундары үчүн:** | |
| | Окуучуларга –<br>Чоңдорго – | **12 (он эки) сом**<br>**30 (отуз) сом;** |
| | | |
| **3.** | **Орто-Токой жана Көк-Мойнок-2 конуштарынын тургундары үчүн:** | |
| | Чоңдорго<br><br>Мектеп окуучуларына жана бала бакча балдарына – (аймактын жашоочулары менен макулдашуунун негизинде). | **– 50 (элүү) сом**<br><br>**12 (он эки) сом** |
| **4.** | **Ак-Өлөң конушунун тургундары үчүн:** | |
| | Окуучуларга<br><br>Чоңдорго | **12 (он эки) сом;**<br><br>**50 (элүү) сом.** |
| **5.** | **Көк-Мойнок-1 конушунун тургундары үчүн:** | |
| | Окуучуларга<br><br>Чоңдорго | **12 (он эки) сом;**<br><br>**30 (отуз) сом** |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

# ТОКТОМ
# БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XVIII–СЕССИЯСЫ

**2025-жылдын 29- октябрь айы №87**

**Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы “Муниципалдык мүлк башкаруу” муниципалдык ишканасы жөнүндө ЖОБОну бекитип берүү жөнүндө**

Балыкчы шаарынын мэриясынын 2025-жылдын 22-октябрындагы № 01-13/8297 каттагы кайрылуусунун негизинде Балыкчы шаардык Кеңешинин курулуш, архитектура, муниципалдык менчик коммуналдык чарба жана өнөр жай, транспорт, ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясынын сунушун карап, талкуулап Балыкчы шаардык Кеңешинин кезексиз сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы “Муниципалдык мүлк башкаруу” муниципалдык ишканасы жөнүндө ЖОБО алымча кошумчалары менен 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Жобого алымча кошумчаларды кароо кештин чечими менен түзүлгөн жумушчу топ жана мэриянын кызматкерлери иш алып барсын.

3. Балыкчы шаарынын мэриясына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иш алып баруу жана муниципалдык ишкананын рентабельдүүгүн карап, иш алып баруусун көзөмөлдөө жагы тапшырылсын.

4. Балыкчы шаардык кеңешинин мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук актыны, ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн областтык юстиция башкармалыгына жумушчу топтун макулдугу менен жиберилсин, массалык- маалымат каражаттарына жарыялансын.

5. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы курулуш, архитектура, муниципалдык менчик коммуналдык чарба жана өнөр жай транспорт, ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэри Б.Жантаевге тапшырылсын.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: шаардык кенешине- 1, мэрияга-1, БшММБ МИ-1, шаардык финансы башкармалыгына-1,

**БЕКИТИЛДИ**
**Балыкчы шаардык кеңешинин**

**сессиясынын 87 токтому**
**29-октябрь 2025-жыл**

**Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы “Муниципалдык мүлк башкаруу” муниципалдык ишканасы жөнүндө**
**чакырылышынын XVIII- ЖОБО**

## 1.Жалпы жоболор

1. Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы “Муниципалдык мүлк башкаруу” муниципалдык ишкана, (мындан ары текст боюнча - "Башкармалык"), Балыкчы шаарында муниципалдык менчик объекттерди жана жерлерди башкаруу жана тескөөгө алуу боюнча, Балыкчы шаарынын мэриясынын ыйгарым укугун ишке ашыруу максатында, Балыкчы шаарында менчиктештирүү, жер мамилелерди экономикалык-укуктук жактан жөнгө салуу чөйрөсүндө муниципалдык саясат жүргүзүүнү камсыз кыла турган, муниципалдык кызмат көргөзө турган жана Балыкчы шаарынын мэриясынын түзүмүнө кирүүчү ыйгарым укуктуу орган болуп саналат.
2. Башкармалык - Ишкана деген уюштуруу-укуктук формадагы юридикалык жак болуп саналат (*Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облусунун юстиция башкармалыгынын 2025-жылдын 15-сентябрындагы күбөлүктүн негизинде*) банктык мекемелерде өз алдынча балансы, бюджеттик эсептешүү счеттору, адистештирилген эсептешүү счеттору, казыначылык органдарда депозиттик счету (Балыкчы шаары боюнча КРБ), Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Гербинин сүрөтү түшүрүлгөн мамлекеттик жана расмий тилде мекеменин аталышы жазылган тегерек мөөрү, штамптары жана башка кабыл алынган реквизиттери бар, сотто доогер жана жоопкер болуп чыга алат.
3. Башкармалык өзүнүн ыйгарым укуктук чектеринде Балыкчы шаарынын мүлк кызыкчылыктарын көрсөтөт жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына, Балыкчы шаарынын мэринин токтомдоруна жана буйруктарына жана бул Жобого ылайык иш жүргүзөт.
4. Башкармалык Балыкчы шаарынын мэриясы тарабынан түзүлөт.
5. Башкармалыктын жобосу Балыкчы шаардык кеңеш тарабынан бекитилет.
6. Башкармалык өзүнүн иш-аракетин башкаруунун жана бийликтин башка мамлекеттик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, мекемелер, ошондой эле башка юридикалык жана жеке жактар менен өз ара аракеттенүү аркылуу ишке ашырат.
7. Өзүнүн иш-аракетин ишке ашыруу маселелери боюнча мамлекеттик жана башка органдар, ошондой эле менчиктин түрүнө карабастан юридикалык жана жеке жактар менен Башкармалыктын өз ара мамилелери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына карама-каршы болбогон Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келишимдик негизде түзүлөт.
8. Башкармалык аныкталбаган мөөнөткө түзүлөт.
9. Башкармалыктын түзүлүшүнө жана анын иш-аракетине тийиштүү жана бул Жободо көрсөтүлбөгөн бардык маселелер Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жөнгө салынат.

10. Башкармалык башка юридикалык жактарды түзүүдө жана алардын иш-аракетине Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына катуу ылайыктуулукта гана катыша алат.
11. Ишкананын расмий фирмалык аталышы:
- кыргыз тилинде: Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы "Муниципалдык мүлк башкаруу" муниципалдык ишканасы.
- орус тилинде: Муниципальное предприятие «Управление муниципальным имуществом при мэрии города Балыкчы».

Мекеменин кыскартылган фирмалык аталышы:

- Мамлекеттик тилинде: МИ «БшММБ»;
- Расмий тилинде: МП «УМИгБ».

12. Башкармалыктын жайгашкан жери: Кыргыз Республикасы, Балыкчы шаары, Абдрахманов көчөсү, 258.
13. Башкармалыктын компетенциясынын чектеринде кабыл алынган чечимдер, тескөөлөр жана буйруктар Балыкчы шаарынын аткаруу бийлигинин бардык органдары, менчиктин түрүнө карабастан юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү.
14. Башкармалык өзүнүн иш-аракетинде Балыкчы шаарынын мэриясына отчет берет.
15. Балыкчы шаарынын мэриясы Башкармалыктын иш-аракетин көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырат.
16. Балыкчы шаардык кеңеш муниципалдык менчиктин пайдаланышына көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырат.

## 2. Негизги милдеттер жана функциялар

17. Башкармалыктын негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

а) Балыкчы шаарынын муниципалдык менчигинде турган кыймылсыз мүлктөрдү жана жер ресурстарын белгиленген тартипте натыйжалуу башкаруу жана тескөө;

б) көрсөтүлгөн кызматтарга жарандардын канааттануусун жогорулатууга багытталган, сапаттуу жана жеткиликтүү кызмат көрсөтүүнү камсыз кылган, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн системасын өнүктүрүү;

в) менчиктин түрүнө карабастан бардык юридикалык жана жеке жактар тарабынан өзүнүн ыйгарым укуктарынын жана жарандык-укуктук мамилелердин чектеринде Кыргыз Республикасынын жарандык жана жер мыйзамдарынын талаптарынын сакталышын камсыз кылуу;

г) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Балыкчы шаарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик-укуктук актыларынын негизинде Балыкчы шаарынын кыймылсыз мүлктүн жана башка менчиктин объекттерин менчиктештирүү чөйрөсүндөгү саясатын ишке ашыруу;

д) шаардык жер саясатты, анын ичинде, шаардык жерлерди, жер үчүн акынын өлчөмдөрүн баалоо жана аларды алуу тартибинин методологиясын жана критерийлерин, шаардык жерлерди жогорку натыйжалуу пайдаланууну экономикалык түрткү берүү механизмин, экологиялык жактан таза жана рационалдуу, жер пайдалануунун механизмин өзүнө камтыган жер мамилелерин жөнгө салуучу экономикалык - укуктук системаны ишке ашырууну иштеп чыгууда жана камсыз кылууда катышуу;

е) Балыкчы шаарында жер участокторуна укуктарды берүү боюнча арыздарды карoo жана жер маселелери боюнча комиссияга тийиштүү материалдарды, анын ичинде, Балыкчы шаарында жер участокторуна укуктарды берүү боюнча сатууларды уюштуруу жана жүргүзүү бөлүгү боюнча даярдоо;

ё) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Балыкчы шаарынын жер реформасы жана архитектуралык - шаар курулушу иш-аракети чөйрөсүндө шаардык социалдык-экономикалык программаларды аткаруу.

**18. Башкармалык Балдыкчы шаарынын экологиялык жактан таза жана рационалдуу жер пайдалануунун механизмин өзүнө камтуу максатында Башкармалыктын түзүмүнө кирген Муниципалдык инспециясы менчигинин түрүнө карабастан жеке жана юридикалык жактардын шаардын аймагын көрктөндүрүү, соода кылуу, айлана-чөйрөнү санитардык-гигиеналык жана санитардык жактан коргоо эрежелерин сактоосун көзөмөлдөөнү жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу орган катары иш алып барат:**

**а) Муниципалдык инспекция өз ыйгарым укуктарынын чегинде Балыкчы шаарынын мэриясында «Муниципалдык менчикти башкаруунун» кызыкчылыктарын коргойт жана өз ишин Кыргыз Республикасынын Конституциясына, башка ченемдик укуктук актыларына, Балыкчы шаарынын мэриясынын токтомдоруна жана буйруктарына ылайык жүзөгө ашырат;**

**б) Муниципалдык инспекция өз ишин Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ошондой эле менчигинин түрүнө карабастан башка жеке жана юридикалык жактар менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өз ара аракетте жүзөгө ашырат;**

**в) Муниципалдык инспекциянын негизги милдеттери:**

**-Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчикти башкаруу башкармалыгынын ыйгарым укуктарын, менчигинин түрүнө карабастан жеке жана юридикалык жактар тарабынан коомдук жумуштардын, сооданын, санитардык-гигиеналык жана экологиялык эрежелердин сакталышын көзөмөлдөө жана Балыкчы шаарынын чегинде айлана-чөйрөнү коргоону камсыз кылуу;**

**- Балыкчы шаарында коомдук иштердин программаларын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышуу;**

**- менчигинин түрүнө карабастан бардык жеке жана юридикалык жактар тарабынан, анын ичинде Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары жана Балыкчы шаарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жер казуу иштерин жүргүзүүгө, авариялык иштерди жүргүзүүгө, бузулган коомдук жумуштарды калыбына келтирүүгө уруксат берүүнүн мөөнөттөрүн сактоосуна мониторинг жүргүзүү;**

**- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган ыйгарым укуктарынын чегинде Балыкчы шаарынын чегинде имараттардын фасаддарынын, жолдорунун, тротуарларынын, жол белгилеринин жана белгилеринин, ландшафттык элементтеринин жана башка көрктөндүрүү элементтеринин абалына мониторинг жүргүзүү;**

**- менчигинин түрүнө карабастан бардык жеке жана юридикалык жактар тарабынан курулуш объектисине жанаша жайгашкан аймакты көрктөндүрүү эрежелеринин сакталышын көзөмөлдөө;**

**- Балыкчы шаарынын жанындагы аймактарды өз убагында тазалоону, катуу таштандыларды чыгарууну, санитардык тазалоону, механикалаштырылган тазалоону уюштуруу боюнча менчигинин түрүнө карабастан жеке жана юридикалык жактардын ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүзүү;**

**- менчигинин түрүнө карабастан жеке жана юридикалык жактар тарабынан өндүрүш калдыктарын, катуу муниципалдык калдыктарды, калктын саламаттыгына коркунуч туудурган (медициналык, биологиялык, радиоактивдүү)**

**калдыктарды ташып чыгаруу, кайра иштетүү жана көмүү боюнча келишимдердин өз убагында аткарылышын контролдоо;**

**- калдыктарды өзүнчө чогултууну (тамак-аш калдыктары, түстүү жана кара металлдар, текстиль, айнек, кагаз) камтыган рационалдуу чогултуу системасын жана үзгүлтүксүз ташып чыгууну уюштурууга мониторинг жүргүзүү;**

**- тиричилик, өндүрүш жана өндүрүш таштандыларын, ошондой эле таштандыларды, жалбырактарды жана өсүмдүктөрдү өрттөп жиберүүнү аныктоо, болтурбоо жана бөгөт коюу;**

**- Балыкчы шаарынын чегинде, анын ичинде транспорттук каражаттарды жана башка мобилдик түзүлүштөрдү ишке киргизүүдө жана эксплуатациялоодо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген ченемдердин, стандарттардын, эрежелердин жана абанын сапатынын башка талаптарынын сакталышын контролдоо;**

**- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынган мал жаюу эрежелерин бузуунун кесепеттери боюнча менчигинин түрүнө карабастан жеке жана юридикалык жактар менен профилактикалык жана агартуу иштерин жүргүзүү;**

**- Балыкчы шаарынын аймагындагы жолдор жээгинде (өзгөчө түнкүсүн) жана газондордо мыйзамсыз мал жаюуну аныктоо, алдын алуу жана бөгөт коюу;**

**- шаардагы жайлуу жашоону камсыз кылуучу имараттардын фасаддарынын, жарыктандыруунун, жашыл аянтчалардын жана башка көрктөндүрүүнүн абалына мониторинг жүргүзүү;**

**- Балыкчы шаарында жөнгө салынбаган сооданы ооздуктоо боюнча профилактикалык иш-чараларды өткөрүү;**

**- соода түйүндөрүндө жана соода объектилерине жакын аймактарда санитардык иш-чаралардын аткарылышын көзөмөлдөө;**

**- Балыкчы шаарынын унаа жолдорунун боюнда (өзгөчө түнкүсүн) жана газондордо мал жаюу боюнча мыйзам бузууларды аныктоо;**

**- менчигинин түрүнө карабастан жеке жана юридикалык жактар тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жоопкерчилик каралган укук бузууларды аныктоо боюнча өз ыйгарым укуктарынын жана ушул Жобонун чегинде чараларды көрүү;**

**- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул Регламентте каралган ыйгарым укуктарынын чегинде менчигинин түрүнө карабастан жеке же юридикалык жактардын кайрылууларын, арыздарын жана даттанууларын кароо.**

**г) Муниципалдык инспекциянын өзүнүн компетенциясынын чегинде кабыл алынган актылары менчигинин түрүнө карабастан бардык мамлекеттик жана башка органдар, ошондой эле юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү болуп саналат.**

19. Башкармалыкка жүктөлгөн милдеттерди аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана Балыкчы шаарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктук-ченемдик актылары тарабынан белгиленген тартипте ал төмөнкүлөрдү аткарат:

а) автоматташтырылган маалыматтык тутумдарды түзүүнү жана коштоону, Балыкчы шаарынын менчик объекттерин эсепке алуу боюнча маалыматтык ресурстарды топтоону жүзөгө ашырат;

б) маалыматтык-коммуникациялык технологияларын активдүү пайдалануу менен «бирдиктүү терезе» принциби боюнча муниципалдык кызматтарды көрсөтүү системасын түзүү жана ишке ашыруу;

в) «Бирдиктүү терезе» принциби боюнча уюштурулган калкты тейлөө борборлорун, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө мүмкүнчүлүк алуу түйүнүн түзүү жана ишке ашыруу;
г) муниципалдык кызматтарды көрсөтөт;
д) Балыкчы шаарынын муниципалдык менчигине тийиштүү болгон кыймылсыз объекттердин реестрин жүргүзүүнү жүзөгө ашырат, Балыкчы шаарынын мүлкүнө тийиштүү мамлекеттик каттоо органдарында муниципалдык менчик укуктарды каттоодо Балыкчы шаарынын мэриясын көрсөтөт;
е) Балыкчы шаарынын муниципалдык мүлкүн чарба жүргүзүүдө, ыкчам башкарууда, мөөнөттүү (убактылуу) кайтарымсыз пайдаланууда бекитүүнү жол-жоболоштурат;
ё) муниципалдык жана мамлекеттик мекемелердин, уюмдардын жана ишканалардын чарба жүргүзүүсүндө жана ыкчам  башкаруусунда турган жер участокторду кошо, Балыкчы шаарынын муниципалдык мүлкүнүн сакталышын жана багыты боюнча пайдаланышын көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырат;
ж) Балыкчы шаарындагы муниципалдык обьектилерди долборлоо, капиталдык куруу жана оңдоо боюнча Заказчиктин функциясын жана техникалык жактан көзөмөлдү ишке ашырат;
з) Балыкчы шаарынын муниципалдык мүлкүн мөөнөттүү (убактылуу) пайдалануу укугун, анын ичинде, ижара шартында жана акысыз пайдалануу укугун алган жер тилкелерин кошкондо юридикалык жана жеке жактар тарабынан келишимдердин шарттарынын багыты боюнча пайдаланышын жана сакталышын көзөмөлдөөнү ишке ашырат;
и) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Балыкчы шаардык кеңештин укуктук ченемдик актыларына жана Балыкчы шаарынын мэриясынын чечимдерине ылайык Балыкчы шаарынын муниципалдык мүлкүн тескөөнүн жана пайдалануунун белгиленген тартибин бузуу учурунда тийиштүү чараларды көрөт;
й) Балыкчы шаарынын жер участокторун кошкондо мүлкүн ижарага берүүчү катары чыгат;
к) Балыкчы шаарынын мэриясынын тапшырмасы боюнча чыгып сүйлөйт, ошондой эле Балыкчы шаарынын мэриясынын кызыкдар түзүмдүк бөлүктөрү  менен бирдикте Балыкчы шаарынын мэриясынын түзүмдүк бөлүктөрү болгон уюмдарды, мекемелерди жана ишканаларды түзүү, кайра уюштуруу жана жоюу жөнүндө сунуштарды даярдайт жана берет;
л) Балыкчы шаарынын мэриясынын түзүмдүк бөлүктөрү болгон уюмдарды, мекемелерди жана ишканаларды түзүүдө, кайра уюштурууда жана жоюуда катышат;
м) Балыкчы шаардык кеңеши тарабынан бекитүү үчүн Балыкчы шаарынын мэриясынын тапшырмасы боюнча Балыкчы шаарынын муниципалдык мүлкүн менчиктештирүү программаларынын жана Балыкчы шаарынын жерлерин рационалдуу пайдалануу программаларынын долбоорлорун иштеп чыгат жана даярдайт;
н) Балыкчы шаарынын мэриясына Балыкчы шаарынын муниципалдык менчигинде турган кыймылсыз мүлктүн объекттерине жана жер участокторуна чектелген буюм укуктарды берүүдөн жана менчиктештирүүдөн каражаттардын шаардын бюджетине түшүү болжолун даярдайт жана берет, бул түшүүлөрдү камсыз кылуу үчүн тийиштүү чараларды көрөт, ошондой эле жогоруда саналган каражаттардын түшүүсүнө контролду жүзөгө ашырат;
о) Балыкчы шаарынын муниципалдык мүлкүн менчиктештирүү программаларынын жана Балыкчы шаарынын жерлерин рационалдуу пайдалануу программаларынын негизинде Балыкчы шаарынын турак эмес жайлар фондунун объекттерин сатуу боюнча ишти жүзөгө ашырат, Балыкчы шаарынын муниципалдык менчигинде турган турак эмес жайларды, ошондой эле жер участокторун сатуу жөнүндө сунуштарды колдонуудагы мыйзамдарга ылайык уюштурат жана киргизет;

п) Балыкчы шаарынын мүлкүнүн наркын көз карандысыз баалоону жүргүзүү боюнча ишти уюштурат;
р) Балыкчы шаарынын муниципалдык менчигинде турган объекттерди менчиктештирүү, башкаруу жана тескөө маселелер боюнча укуктук ченемдик актылардын жана инвестицияларды тартуу долбоорлорду иштеп чыгат;
с) Балыкчы шаарынын мүлкүн менчиктештирүү, башкаруу жана тескөө маселелери боюнча тескөөчү документтерди өзүнүн компетенциясынын чектеринде чыгарат;
т) Балыкчы шаарында жер участокторуна укуктарды берүү маселелери боюнча чечимдердин (тескемелердин, токтомдордун) ижара жана сатуу-сатып алуу келишимдердин долбоорлорун даярдайт;
у) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ижара шартында мөөнөтүү (убактылуу) пайдаланууга берилүүчү жер участокторду пайдалануу үчүн ижара акыларды эсептөөнү жүргүзөт;
ф) бошогон батирлерди эсепке алууну жүргүзөт, бул батирлерди бөлүштүрүү боюнча Балыкчы шаарынын мэриясынын токтомдорунун долбоорлорун белгиленген тартипте даярдайт;
х) Балыкчы шаарынын мэриясы жана райондук администрациялар тарабынан кабыл алынгандардын негизинде турак аянтка ордер берүүнү белгиленген тартипте жол-жоболоштурууну жүргүзөт.

**3. Башкармалыктын укуктары**

20. Башкармалык төмөнкү укуктарга ээ:
а) өзүнүн компетенциясынын чектеринде Балыкчы шаарынын муниципалдык менчигин башкарууга, Балыкчы шаарынын жерлерине жана мүлктөрүнө карата келишимдерди, контракттарды жана башка бүтүмдөрдү колдонуудагы мыйзамдарга ылайык түзүүгө;
б) Балыкчы шаарынын мэриясынын тапшырмасы боюнча мүлктү Балыкчы шаарынын ишканаларына жана мекемелерине чарба жүргүзүү же оперативдүү башкаруу укугуна бекитүүгө, ошондой эле мындай жүргүзүүнүн чектерин белгилөөгө;
в) Балыкчы шаарынын муниципалдык мекемелеринин, уюмдардын жана ишканалардын уюштуруу - укуктук формасын түзүү, кайра уюштуруу жана жоюу жөнүндө сунуштарын киргизүүгө;
г) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда, биргелешкен иш каналарды уюштурууда, биргелешип уюштурулган мекеме ишканалардын, жоопкерчилиги чектелген коомдордун акционери жана түзүүчүсү катары Балыкчы шаарынын мэриясынын ыйгарым укуктуу өкүлү катары кызыкчылыктарын көздөөгө;
д) «Бирдиктүү терезе» принциби боюнча башкармалык уюштурган калкты тейлөө борборлору жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө мүмкүнчүлүк алуу түйүндөрү аркылуу, муниципалдык жана мамлекеттик кызматтарды, муниципалдык жана мамлекеттик мекеме-ишканалардын кызматтарын жана башка чарба жүргүзүүчү субъекттердин кызматтарын көрсөтүүгө;
е) калкты тейлөө борборлору жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө мүмкүнчүлүк алуу түйүндөрүнүн керектөөчүлөрүнөн кызмат көрсөтүү үчүн акы алууга;
ё) «Бирдиктүү терезе» принциби боюнча башкармалык уюштурган калкты тейлөө борборлору жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө мүмкүнчүлүк алуу түйүндөрү аркылуу көрсөтүлө турчу кызматтар боюнча муниципалдык жана мамлекеттик мекеме-

ишканалар жана башка чарба жүргүзүүчү субъекттер менен макулдашууларды жана келишимдерди түзүүгө;

ж) Балыкчы шаардык кенеш тарабынан бекитилген менчиктештирүү программасынын негизинде, муниципалдык менчикте турган, анын ичинде юридикалык жана жеке жактарга ижарага берилген турак эмес жайларды, жер тилкелерин сатуу жөнүндө Балыкчы шаарынын мэриясынын чечимдерин белгиленген тартипте ишке ашырууга;

з) Балыкчы шаарынын мэриясынын ведомстволук карамагындагы ишканаларда, мекемелерде жана уюмдарда муниципалдык мүлктүн пайдаланышы жана сакталышы үчүн документациялык текшерүүнү (ревизияны, инвентаризацияны, аудитти) жүргүзүүнү, ошондой эле башкармалыктын реестрине алынган негизги каражаттардын өз убагында кириштөө үчүн көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырууга. Тартип бузуулар болгон учурда мыйзамдарга жана ченемдик - укуктук актыларга ылайык тийиштүү чараларды көрүүгө;

и) өзүнүн компетенциясынын чектеринде шаардын муниципалдык мүлкүн менчиктештирүү, башкаруу жана тескөө чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын табылган мыйзам бузууларын четтетүү боюнча тийиштүү аракеттерди жүзөгө ашырат, аткаруу органдарынын мыйзамга ылайык келбеген чечимдерин жокко чыгаруу жана күнөөлүү жактарды жоопкерчиликке тартуу жөнүндө сотко доо арызын берет, ошондой эле тийиштүү чараларды көрүү үчүн укук коргоо органдарына жөнөтөт;

й) өзүнүн компетенциясынын чектеринде Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык алардын ведомстволук тиешелүүлүгүнө жана менчиктин формасына карабастан бардык жер пайдалануучулар тарабынан жер мыйзамын, анын ичинде жер пайдалануучунун, жайгашкан ордун, берүү шарттарын, берүү мөөнөттөрүн, функционалдык багытын жана берилген жер участоктун аянты бөлүгү боюнча бузууларды четтетүү боюнча чара көрүүгө;

к) сот органдарында Балыкчы шаарынын мэриясынын кызыкчылыктарын көздөөгө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын сотуна доолорду, анын ичинде Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарын бузуунун натыйжасында келтирилген зыяндарды төлөтүү жөнүндө доолорду өзүнүн компетенциясынын чектеринде доолоого;

